**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Жорокулов Максатбек Мергенбаевичтин, Кочкоров Ниязбек Улукбековичтин жана Музулманов Таалайбек Узеновичтин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясына шайкеш келүүсүн текшерүү жөнүндө иш боюнча Чечимдин
резолютивдик бөлүгү

2025-жылдын 5-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту төмөнкү курамда: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин, катчы К. Маамыталы кызынын катышуусунда;

катышуучулар:

кайрылуучу тарап – Жорокулов Максатбек Мергенбаевич;

жоопкер тарап – Ысыранов Самат Кыштообекович, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү;

үчүнчү жактар – Молдобаев Алмазбек Тавалдыевич, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү, Мусуралиев Рашид Алмасбекович Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ыйгарым укуктуу өкүлү, Садыкова Мээрим Жээнбековна Кыргыз Республиканын Башкы прокуратурасынын ыйгарым укуктуу өкүлү, жана Джаркынбаев Аяз Доолосбекович Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, ачык сот отурумунда Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин конституциялуулугун текшерүү боюнча ишти карады.

Бул ишти кароого негиз – Жорокулов М.М., Кочкоров Н.У., жана Музулманов Т.У. тарабынан берилген кайрылуу жана талаш жараткан укуктук ченем Конституцияга шайкеш келеби деген күмөн саноо болду.

Соттук ишти даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, иштин материалдарын изилдеп, үчүнү жактардын пикирлерин угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчилике алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп табылсын.

2. Бул чечим акыркы, даттанууга жатпайт жана жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү болуп, Кыргыз Республикасынын аймагында аткарылууга тийиш.

4. Ушул чечимди мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**